• *Эрдик*

Бул кезде Кыргызстан үчүн өзүн дүйнөдөгү ири мамлекеттер менен барабар сезе ала турган иштин тармагы бар. Ал —космос. Кандай дегенде да биздин мекендешибиз Салижан Шариповдун космоско учуусу ага толук укук берип турат.

Өзгөндүн бир көчөсүндө жашап жана бир мектепке барып окуп жүрүшкөн Салижан менен Насиба бала чак тагы өздөрүнүн учкул кыялдарында минтип жер шарынын аркы бир бурчунда турүп калабыз деп ойлошкон эмес. Мынакей америкалык астронавтар менен бирге космонавт Шарипов отургузган «Шаттл» космос кемесинин «көк түтүнү» желге желпинип биринчи сапарына аттанды..,

Мындан он жылдай эле мурда Салижан Токмокто чет элдиктерди жайкы учууга үйрөтүп жүргөн учурда, ал келинчегине космонавттардын катарына кошулууга даярланып жатканын билдирген болучу. Анда Насиба ишенимсиз баш чайкап:— Россияда жакшы учкучтар көп, сени Кыргызстандан ким алат эле деген. Бирок, көптөгөн атаандаштардын ичинен Шариповдун так борбор шаардан орун алган үч бөлмөлүү квартиранын ачкычын тапшырды. Ал Бишкек шаарынын ардактуу атуулу болду.

Америкалык экипаждын мүчөсү Салижан Шариповду космоско учууга узатууну россиялык космонавтиканын бардык тобу өздөрүнүн милдети деп эсептешти. Анткени кыргызстандык учкуч өзүнүн өмүрүнүн бир канча жылын космонавттардын шаарчасында өткөрбөдүбү. Ошон үчүн ким көбүрөөк өзүн той ээсимин деп эсептерин так айтуу кыйын болуп турат? Жарык жүздүү америкалыктарбы, өздөрүн сыймыктуу туткан россиялыктарбы, ошондой эле барысы менен чогуу болгон кыргыз стандыктардын тобубу? Кыясы, адамзатка космоско ок шогон бир нерсенин зарылдыгы жок окшойт. Бир учурда АКШ менен Россиянын ортосундагы космоско баш чылык кылуу үчүн болгон «кансыз согуштун» милдеши анык, талашсыз кызмат таштыкка өсүп жетти. Мына эми америкалык экипаж биздин космонавт Шарипов менен бирге изилдөө иштерин чогуу жүргүзүү максатында Россиянын «Мир» станциясына учту. Мындан ары эки чоң державанын алдында өз риповдун так өзүнүн тандалып калышы кандайча болгонун сиз эстей аласызбы деген сурообузга ал мындай деди;

— Бизге эл аралык орбиталык станциясы үчүн учууга тажрыйбасы бар адамдар керек. Ачыгын эле айтайын космонавттар Россияда анча деле көп калган жок, бар адамдарда карып бара жатышат.

—Кантип эле жаш учкучтардан тандап алууга болбосун?

—Ар бир учкуч космонавт болууга жөндөмдүү эмес. Ошон үчүн биз тандоонун салтка айланып калган ыкмасынан баш тартып, учалектерди да сынап көрүүнү чечтик. Америкалыктар менен кеңешсек, алар да «Шаттлдын» курамында «атылбаган» үч астронавтардын бардыгына карабастан макул болушту. Анын үстүнө даярдык көрүү үчүн убакыт өтө тар эле—болгону стартка чейин жарым жыл калган НАСАдан (космикалык мейкиндикти изилдөө боюнча улуттук башкармасы) биз «Нана, Сиздердин жылдык программаны» кыска эле мөөнөттө өздөштүрүп алат деген вундеркинд жигитиңер»



# КЫРГЫЗСТАНДЫН КОСМОНАВТЫНЫН БИРИНЧИ СТАРТЫ

